**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫ**

720011, Бишкек шаары, Пушкин көчөсү, 50
тел.: 620821; факс: 620823
www.shailoo.gov.kg
e-mail: cec@shailoo.gov.kg

**ЦЕНТРАЛЬНАЯ КОМИССИЯ ПО ВЫБОРАМ И ПРОВЕДЕНИЮ РЕФЕРЕНДУМОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

720011, г. Бишкек, ул. Пушкина, 50
тел.: 620821; факс: 620823
www.shailoo.gov.kg
e-mail: cec@shailoo.gov.kg

№ 04-13/49 от «09» 01 20 21 г.

Сиздн.чыг. (На) №______ «___» ______ 20__

**У.С. Турдушевге**
**тел.: 0 999 47 30 01**

Кыргыз Республикасында шайлоону жана референдумдарды өткөрүү учурунда шайлоочулардын жана шайлоо процессинин башка катышуучуларынын арыздарын жана даттанууларын кароо боюнча Жумушчу топ жана Кол коюу барактарын кабыл алуу жана текшерүү боюнча жумушчу топ Сиздин 2020-жылдын 5-январындагы арызыңызды карап чыгып төмөнкүлөрдү билдирет.

«Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 52-беренесинин 7-бөлүгүнө ылайык, Борбордук шайлоо комиссиясы 10 күндүк мөөнөттө каттоо кызматтарынын кызматкерлерин жана сот-эксперттик иш чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын эксперттерин тартуу менен коюлган колдордун аныктыгын текшерет.

Борбордук шайлоо комиссиясынын 2020-жылдын 25-октябрындагы № 266 чечими менен «Кол коюу барактарды кабыл алуу жана текшерүү боюнча» Жумушчу топ түзүлүп, анын курамына Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү, Борбордук шайлоо комиссиясынын аппратынын кызматкерлери, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик соттук-эксперттик кызматтын эксперттери жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматынын кызматкерлери кирген.

Жумушчу топ колтамгаларды чогултуу, кол коюу барактарын толтуруунун тартибинин сакталышын, кол коюу барактарында камтылган шайлоочулар жөнүндө маалыматтардын, кол коюу баарктардын таризделгенин, шайлоочулардын колтамгаларынын аныктыгын жана конституциялык мыйзамдын 52-беренесинде каралган талаптардын сакталышын текшерүүнү жүргүзүп,

жогоруда аталган кызматкерлердин корутундуларынын негизинде «Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер И.А. Ташовду колдогон шайлоочулардын колтамгаларын текшерүүнүн жыйынтыктары тууралуу» 2020-жылдын 11-декабрындагы протокол кабыл

алган, протокол Борбордук шайлоо комиссиясынын 2020-жылдын 11-декабрындагы № 289 чечими менен бекитилип ал чечим Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтына жарыяланган.

«Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 44-беренесинин 6,7-бөлүктөрүнө ылайык, Борбордук шайлоо комиссиясынын чечимдерине жана (же) аракеттерине (аракетсиздиктерине) биринчи баскычтагы сотко, биринчи баскычтагы соттун чечими - Жогорку сотко даттанылат. Жогорку соттун чечими акыркы болуп саналат жана ага даттанууга болбойт.

Арыздар (даттануулар), шайлоо субъектине анын укуктары бузулганы, чечимдер кабыл алынганы, аракеттер (аракетсиздиктер) жасалганы жөнүндө белгилүү болгон учурдан тартып токтоосуз, бирок 3 календардык күндөн кечиктирбестен берилет.

Ошондой эле, жогоруда аталган берененин 12-бөлүгүндө «Арыздарды (даттанууларды) берүү мөөнөттөрү калыбына келтирилүүгө жатпайт. Арыздарды (даттанууларды) берүү мөөнөтү чечим кабыл алынгандан, аракет (аракетсиздик) жасалгандан кийинки күнү башталат. Көрсөтүлгөн мөөнөттөр аяктагандан кийин арыздар (даттануулар) кабыл алынбайт» деп белгиленген.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер И.А. Ташовду колдогон шайлоочулардын колтамгалары дыкат текшерилгенин ошондой эле арызыңыз «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамда көрсөтүлгөн мөөнөттөрдөн кечиктирилип берилгенин билдиребиз.

**Урматтоо менен,**
**Төраганын орун басары** **А. Бекматов**